| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин<br>VIII чакырылышынын VII кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 22-июлу №112 | Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Кызыл-Туу айылынын "Туюк-Жар" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесине акча каражат бөлүп берүү жөнүндө**

Кызыл-Туу айылынын "Туюк-Жар" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесинин жетекчиси Ж.Касымакуновдун кайрылуусунун негизинде, Кызыл-Туу айылынын "Туюк-Жар" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесине акча каражат бөлүп берүү боюнча, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын чечимин угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айылынын "Туюк-Жар" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесинин Турган көчөсүнүн таза суу берилүүчү насостун өзүнө тиешелүү жер аянтын коруу, жарыктандыруу жана таза сууга насос алуу, керектүү материалдарды бюджеттен карап берүү жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнө жүктөлсүн, акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**